# Ош малетекттик университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын отчету

**Төрайым:** Канетова Динара Эменовна
Борбордук Азия эл аралык медициналык университетинин окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы. ф-м.и.к.

**Комиссия мүчөлөрү – билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Иштеген жери, кызматы, ил.даражасы, ил.наамы. |
|---|---|---|---|
| 1. Педагогика (магистр)<br>2. Педагогика (бакалавр) | 550700<br>550700 | Абдулахамидова Барно Нурмахамедовна | ОшМПУ. "Педагогика жана психология" кафедрасынын доценти, пед.и.к. |
| 3. Социалдык-экономикалык билим берүү (магистр)<br>4. Социалдык-экономикалык билим берүү (бакалавр) | 550400<br>550400 | Марасулова Нурила Абдуваповна | Академик М.М.Адышев атындагы ОшТУ, “Укук жана социалдык иш” кафедрасынын башчысы, т.и.к.. социология илиминин доценти |
| 5. Дене тарбия (бакалавр) | 532000 | Разыков Толкунбек Суюнбаевич | Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУ "Аскерге чейинки даярдоо жана дене тарбия методикасы" кафедрасынын башчысы. п.и.к.. доцент. |
| 6. Математика жана компьютердик илимдер | эксп.уч. план | Канетова Динара Эменовна | Борбордук Азия эл аралык медициналык университетинин окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы, ф-м.и.к. |
| 7. Башталгыч билим берүү. Англис тили | эксп.уч. план | Мадраимова Назира Сапарбековна | ОшМПУ, гуманитардык факультети, англис тили жана анын окутуу усулу кафедрасынын улук окутуучусу. |

**Референт:** Мамбеталиева Светлана Медетбековна
ББПУАА. директордун орун басары. т.и.к.

**29.04.2025 ж. - 30.04.2025 ж.**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Атайын дисциплиналардын мазмунун калыптандыруу үчүн кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин окуу пландарын талкуулоо жана атайын дисциплиналардын мазмунун аныктоо үчүн кызыкдар тараптар менен биргелешкен иш-чаралар уюштурулсун жана берилген сунуштамалар ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан баардык билим берүү программалары боюнча максаттары жана окутуунун күтүлүүчү натыйжалары так иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин аккредитациядан өтүп жаткан баардык билим берүү программалары боюнча максаттарын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын кайрадан иштеп чыгуу зарыл.

**2- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. Окутуу ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо (корректировка) үчүн студенттердин пикирлерине мониторинг жүргүзүү жетишсиз.
2. Баштапгыч билим берүү (Англис тили) программасында окуп жаткан студенттерге офистик программаларды жакшылап үйрөтүү керектигин иш берүүчүлөр белгилей кетишти.

**Сунуштамалар:**

1. Окутуу ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо (корректировка) үчүн студенттердин пикирлерин эске алуу менен системалуу түрдө мониторинг жүргүзүп туруу планы түзүлүп ишке киргизилсин.
2. 2025-ж. 09 сентябрына чейин Башталгыч билим берүү (Англис тили) программасында окуп жаткан студенттерге офистик программаларды жакшылап үйрөтүү боюнча кошумча иш чаралар (курстар) уюштурулсун.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**4- Стандарт аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. «Next Generation HUB» робототехника жана жасалма интеллект борбору уюштурулгандыгы.
2. Логопедия лабораториясынын болгондугу.

**Алсыз жактары:**

1. "Дене тарбия" билим берүү программасы боюнча күрөш залы жетишсиз.
2. "Математика жана компьютердик илимдер". "Дене тарбия" билим берүү программалары боюнча кыргыз тилинде окуу куралдары жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

3. Бир жыл ичинде "Дене тарбия" билим берүү программасын күрөш залын куруп берүү зарыл.
4. Бир жыл ичинде "Математика жана компьютердик илим", "Дене тарбия" билим берүү программалары боюнча кыргыз тилинде окуу куралдарын иштеп чыгуу сунушталат.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**6- Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши**

**6- Стандарт аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
6- Стандарт аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору:**

Ош мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан:

1. 550700 Педагогика (магистр)
2. 550700 Педагогика (бакалавр)
3. 550400 Социалдык экономикалык билим берүү (магистр)
4. 550400 Социалдык экономикалык билим берүү (баклавр)
5. 532000 Дене тарбия (бакалавр)
6. Эксп. Математика жана компьютердик илимдер
7. Эксп. Башталгыч билим берүү (Англис тили)

жогорку кесиптик билим берүү программаларын 5 жылга аккредитациялоону сунуштайт

**30.04.2025-ж.**